Педагогикалык кеңеш тарабынан "Бекитемин"

Кабыл алынган Мектеп директор: ________

Буйрук "30" 08 2018-ж. 30.08.2018-жыл

**Жусуп Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин китепканасы жана китепканачысы жөнүндө жобосу.**

1. Жалпы билим берүү уюмунун китепкана фондуна окуу китептерин эсепке алуу, берүү жана кайтарып алуу жалпы билим берүүчү уюмдун китепканасынын башчысы тарабынан жүргүзүлөт.
   Штатта китепканачынын кызмат орду жок болгон учурда жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин буйругу менен китепканачынын функциялары жалпы билим берүү уюмунун мугалимдеринин бирине жүктөлөт.
2. Жалпы билим берүү уюмдардын окуу китептерин эсепке алуу төмөнкү документтерди толтуруу менен жүргүзүлөт.
   - Суммардык китеп.
   - Инвентардык китеп.
   - Окуу китептерин эсепке алуу картотекасы.
   - Ижара акысы боюнчаотчёттун формасы.
3. Китепкананын башчысы же китепканачынын функциялары жүктөлгөн жооптуу адам:
   - Окутуунун тилдери боюнча 1-класстан баштап 11-класска чейин аталыштары жана саны боюнча окуу китептерин эсепке алууну жүргүзөт;
   - Класстары жана окутуунун тилдери боюнча бөлүштүрүү менен окуу китептерин китеп стеллаждарына сактайт;
   - Китеп сактагычтардагы санитардык-гигиеналык шарттарга салат;
   - Жыл сайын окуу жылы аяктаганда бар болгон окуу китептерин салыштырып жүгүзөт.
   - Окуу жылынын башында окуу китебинин басылып чыккан жылын милдеттүү түрдө көрсөтүү менен мектептин окуу китептерин берүүнү эсепке алуу журналын толтуруу менен класс жетекчилерге окуу китептерин окуучулардын тизмесине ылайык берүүнү жүргүзөт;
   - Алмаштыруунун себептерин (мектеп программасына ылайык келбестиги, эскирүүсү, бузулуусу, күтүлбөгөн жагдайларга жана башкаларга ылайык) көрсөтүү менен алмаштырууга тийиш болгон

окуу китептери боюнча отчёт даярдайт жана аны рай\шаар ББга берет;

- Рай/шаар ББ менен макулдашып, милдеттүү түрдө акт түзүү менен төмөнкү себептердин бири боюнча жараксыз абалга келген китептерди эсептен чыгаруу процедурасын жүргүзөт: окуу программасынын өзгөрүшү, пайдалануу мөөнөтүнүн өтүшү, эскилиги, профилдик эместиги жана башка себептер.